**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика**
**комитетинин**
**2023-жыл, "17" октябрь №62**
**буйругуна 2-тиркеме**

# Расмий статистикасынын сапатын камсыз кылуу жаатындагы саясат

“Расмий статистика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (мындан ары – Улутстатком) расмий статистиканы БУУнун расмий статистика жаатындагы негиз болуучу принциптерине ылайык өндүрүүнү камсыз кылат жана макулдашылган эл аралык статистикалык стандарттарды жана сунуштамаларды эске алат (1 жана 28-беренелер).

БУУнун расмий статистика жаатындагы негиз болуучу принциптерине ылайык, БУУнун Расмий статистиканын сапатын камсыз кылуунун улуттук базалык принциптери колдонмосу кабыл алынган, ал расмий статистиканын сапатын жана ага болгон ишенимди камсыздоонун улуттук алкагын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча сунуштамаларды камтыйт. Бул максатта бардык улуттук статистикалык тутум (мындан ары - УСТ) үчүн статистикалык тутумду, институционалдык чөйрөнү, процесстерди жана продуктуларды башкаруу сыяктуу өз ара байланышкан негизги тармактарды түзүмдүк жактан камтуу менен расмий статистиканын сапатын камсыздоонун улуттук базалык принциптери түзүлөт.

Төмөнкү жөнөкөйлөштүрүлгөн схема бул негизги тармактардын логикалык жактан бири-бири менен кандай байланышы бар экендигин түшүндүрөт.




“Расмий статистика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, расмий статистиканы пайдалануучулар - кеңири коомчулук, жалпыга маалымдоо каражаттары, менчигинин түрүнө карабастан ишканалар жана уюмдар, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, изилдөөчүлөр жана окугандар, расмий статистиканы алуучу же ага жеткиликтүүлүгү бар эл аралык уюмдар жана башка өлкөлөрдүн уюмдары.

Улутстатком координациялоочу орган катары бүтүндөй улуттук статистикалык тутумдун алкагында төмөнкү милдеттердин сакталышын камсыздайт.

**Статистикалык тутумду башкаруу**

✓ 1. *Улуттук статистикалык тутумду координациялоо* – УСТнын бардык катышуучуларынын ишин координациялоо расмий статистиканын сапатын жакшыртуу жана колдоого алуу үчүн негизги мааниге ээ.

✓ 2. *Респонденттер, жеткирип берүүчүлөр, маалыматтарды пайдалануучулар менен өз ара аракеттенүүнү башкаруу* – статистикалык максаттар үчүн маалыматтар пайдалануучулардын маалыматтык керектөөлөрүн өз убагында жана натыйжалуу канааттандыруу үчүн бардык маалымат булактарынан - статистикалык изилдөөлөрдөн же административдик отчеттордон жыйналышы мүмкүн.

✓ 3. *Статистикалык стандарттарды башкаруу* – бардык деңгээлдеги статистикалык тутумдардын бир түрдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн өзү менен бирге статистикалык түшүнүктөрдүн, аныктамалардын, классификациялардын, моделдердин, ыкмалардын жана жол-жоболордун толук топтомун көрсөткөн стандарттар колдонулат. Стандарттар бир процесстин алкагында же ар түрдүү убакытта жана ар кайсы жерде болгон бир нече процесстердин ортосунда статистикалык милдеттерди чечүүгө карата бирдиктүү мамилени камсыз кылат.

**Институционалдык чөйрөнү башкаруу**

✓ 4. *Кесиптик көз карандысыздык камсыз кылуу* – расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр статистиканы иштеп чыгуу, жүргүзүү жана жайылтуу боюнча өз чечимдерин көз карандысыз жана саясий же башка тышкы булактардын кандайдыр бир таасирисиз жана кийлигишүүсүз кабып алат. Мындай ксеиптик көз карандысыздык жана ашыкча таасирлерден эркин болуу расмий статистикага болгон ишенимди камсыз кылат.

✓ 5. *Калыстыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылуу* – расмий статистиканы өндүрүү илимий өз алдынчалуулук, кесипкөйлүүлүк, калыстуулук жана объективдүүлүк принциптеринин негизинде жүзөгө ашырылат жана бардык пайдалануучуларга бирдей мамиле жасалат.

✓ 6. *Айкындуулукту камсыз кылуу* – расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр тарабынан колдонулган башкаруу саясаты жана ыкмалары, респонденттерге жана пайдалануучуларга жеткиликтүү формада документтештирилет жана берилет.

✓ 7. *Статистикалык маалыматтардын баштапкы булактарынын купуялуулугун жана маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу* - расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр тарабынан жыйналган же алынган жана жеке же юридикалык жактарга таандык жекече маалыматтардын өтө купуялуулугуна, ошондой эле мындай маалыматтарды статистикалык максаттарда гана пайдаланууга кепилдик берет.

✓ 8. *Сапатка ыктоону камсыз кылуу* - расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр өз ишинде сапатты камсыздоого жана процесстерди жана

статистикалык продукцияларды үзгүлтүксүз жакшыртуу үчүн күчтүү жана алсыз тараптарына туруктуу баалоо жүргүзүүгө ыкташат.

✓ *9. Керектүү ресурстар менен камсыз кылуу* - расмий статистиканы жүргүзүүчүлөрдүн тескөөсүндө болгон, расмий статистиканын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жетиштүү болгон ресурстар.

**Статистикалык процесстерди башкаруу**

✓ *10. Натыйжалуу методологияны камсыз кылуу* - расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр эл аралык деңгээлде макулдашылган стандарттарга, колдонмолорго жана алдыңкы тажрыйбага таянган натыйжалуу методологияны колдонуу менен расмий статистиканы өндүрүшөт.

✓ *11. Чыгымдардын натыйжалуулугун камсыздоо* – ресурстар натыйжалуу пайдаланылат.

✓ *12. Туура статистикалык жол-жоболорду камсыз кылуу* – негиздүү статистикалык жол-жоболор статистикалык маалыматтардын сапатынын негизин түзөт, аларды колдонуу маалыматтарды чогултуудан башталып, алардын тууралыгын текшерүү менен аяктайт.

✓ *13. Респонденттердин ишинин оордугун башкаруу* – расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр маалыматтардын сапатын камсыз кылуу максатында тийиштүү чыгымдар менен респонденттердин ишинин оордугунун ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылышат.

**Статистикалык продуктуларды башкаруу**

✓ *14. Релеванттуулукту камсыз кылуу* - расмий статистика пайдалануучулардын керектөөлөрүн канааттандырат.

✓ *15. Тактыкты жана ишенимдүүлүктү камсыз кылуу* – расмий статистика чындыкты так жана ишенимдүү чагылдырат – статистикалык маалыматтардын тактыгы өлчөй турган процесстерди канчалык деңгээлде туура сыпаттагандыгын билдирет (жалпылап алганда – эсеп көрсөткүчтөрү анык чоңдук менен дал келе турган деңгээл).

✓ *16. Өз убагындалуулукту жана пунктуалдуулукту камсыз кылуу* - расмий статистика өз убагында жана кечиктирилбестен жайылтылат.

✓ *17. Жеткиликтүүлүктү жана ачыктыкты камсыз кылуу* – расмий статистика ачык жана түшүнүктүү түрдө берилет. Ачык формада колдонулган ыкмалар жана жол-жоболор пайдалануучуларга жеткирилет, бул маалыматтардын туура чечмеленишин камсыз кылат.

✓ *18. Өз ара байланыш жана салыштыруучулукту камсыз кылуу* – расмий статистика убакыт динамикасы, региондор жана өлкөлөр боюнча эл аралык деңгээлде макулдашылган жана салыштырылган мүнөзгө ээ.

✓ *19. Метамаалыматтарды башкаруу* - расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр өндүрүш процессинде колдонулган булактарды жана ыкмаларды, ошондой эле статистикалык маалыматтардын жыйынтыктоочу топтомун стандарттуу түрдө документтештирет; пайдалануучуларга

статистикалык өндүрүштүн бардык булактары жана ыкмалары тууралуу, ошондой эле метамаалыматтарды колдонуунун жардамы менен расмий статистикалык маалыматтардын сапаты жөнүндө маалымдайт.